УДК 811.111:81-13

А.С. АЙДАРАЛИЕВА, М.У. АБДЫРАЗАКОВА
E.mail. ksucta@elcat.kg

# КРЕАТИВДҮҮ ОЙЛОНУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ МУГАЛИМДИН РОЛУ

*Макаланын максаты креативдүүлүктү калыптоонун ар кыл деңгээлдериндеги методикалары боюнча тажрыйба менен бөлүшүү.*

*Цель данной статьи поделится с опытом по методике формированию креативности учащиеся в различном уровне.*

*Aim of the article is to share with experience on formation of creativity of sudents in different level.*

Азыркы билим берүүнүн милдеттеринин бири креативдүү мектеп окуучуларын айкындоого жана колдоого ориентация болуп саналат. Бул милдетти ишке ашыруу татаал педагогикалык көйгөйдү берет. Бир жагынан, баланын өз табияты боюнча креативдүүлүктү көрсөтүүгө жана өнүктүрүүгө жагымдуу таасир кылуучу мектепке чейинки чөйрөдөн кардиналдуу айырмаланган мектеп чөйрөсүнө адаптациясы татаал болуп саналат (үйдүн баланы күмөнсүз кабыл алуу, эксперимент кылууну колдоо, ачык эмоционалдык өзүн көрсөтүү маанайы катаал ченемдер, тартиптин артыкчылыгы, мектептеги бардыгы үчүн бирдиктүү талаптар ж.б. менен алмашат). Башка жагынан, креативдүүлүк өзү көрүнүүлөрдүн көп маанилүү спектрине ээ болот: жогору чыгармачылык ийгиликтер көбүнчө моториканын, баарлашуу көндүмдөрү менен мотивациясынын, өзүн жөнгө салуунун ж.б. начар өнүгүүсү менен коштолот. Ушундан улам креативдүү бала көбүнчө башкарылбас, кыйынчылык менен тарбиялануучу катары кабыл алынат. Көрсөтүлгөн милдетти чечүүнүн ыктарынын бири креативдүү окуучуну ийгиликтүү идентификациялоочу жана колдоочу, креативдүүлүктүн көрүнүштөрүнө өзгөчө сезимтал жана кабыл алгыч педагогдун ишмердүүлүгү болуп саналат. Мугалимдин окуучулардын креативдүүлүгүнө сезимталдыгы мугалимдин окуучулардын чыгармачылык дараметин кабыл алууда жана колдоодо майнаптуулукту камсыздоочу атайын педагогикалык жөндөмдүүлүктү берет.

Башталгыч мектептин окуу программаларын талдоо креативдүү жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү сунушталган программалардын негизги максаты болуп саналбасын, демек, аларда чыгармачыл ой жүгүртүүнүн, чыгармачыл кыялдануунун тийиштүү деңгээлин өнүктүрүүгө жана чыгармачылык тапшырмаларды аткаруу процессинде чыгармачылык усулдарын колдонууга жетиштүү убакыт бөлүнбөгөнүн көрсөттү. Окуу курстарында камтылган чыгармачыл тапшырмалар негизинен «шарттуу чыгармачылдарга» киришет, тапшырмалардын чоң бөлүгү окуучулардын туюмун өнүктүрүүгө, жооптордун бир канча варианттарын табууга багытталган. Кенже мектеп окуучуларынын чыгармачылык ишмердүүлүгү варианттарды тандоо усулдарын, морфологиялык талдоону, аналогияны, моделдөөнү, ресурстук мамилени, фантазиялоонун айрым ыкмаларын колдонууга багыт алган, бирок программалар окуучулардын креативдүү жөндөмдүүлүктөрүн берилген усулдардын жардамы менен чыгармачыл тапшырмаларды аткарууга максатка багытталган үйрөтүү аркылуу өнүктүрүүнү караштырбайт. Окуу курстарына карама-каршылыктарга ээ ачык тапшырмалар киргизилбегенин, ушундай типтеги чыгармачыл тапшырмаларды аткарууга үйрөтүү болжонбогонун да белгилейбиз.

Психологдор (А.М.Матюшкин, В.Н.Дружинин) бала чыгармачыл инсан катары өнүксүн үчүн, «жолтоолорду» алып коюу жана аң-сезимди көзөмөлдөөнү алып салуу

жетишсиз, аң-сезимди түзүлүшү башкача болушу керек: чыгармачыл жүрүм-турумдун оң үлгүсү зарыл деп эсептешет. Окуучу үчүн мындай үлгү анын мугалими боло алат.

.Окуучунун чыгармачыл инсанын калыптандыруудагы мугалимдин инсандык жана кесиптик сапаттарынын ролу Ю.З.Гильбух, А.В.Брушлинский, В.Д.Шадриков, И.В.Дубровина ж.б. изилдөөлөрүндө баса белгиленген.

Башталгыч мектеп окуучусунун чыгармачыл активдүүлүгүнүн бардык көрүнүштөрүнө көңүл буруп жана кылдат маиле кылуу милдеттүү шарт болуп саналат (окуу жана мектептен тышкаркы ишмердүүлүктө).

Ал окуучунун идеясына, оюна, ишине суктанууну; сындын жана баанын жоктугун; чоң кишинин балдардын бардык айтымдары менен аракеттерине максималдуу адаптациясын болжойт. Мектеп практикасында балдардын креативдүүлүгүнө карата педагогдун туруму дайыма эле оң боло бербейт. Мугалимдер өз классында чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрү менен эмес, жогору өнүккөн интеллекти менен айырмаланган окуучуларды көрүүнү артык көрүшөт, муну алардан «дайыма эмнени күтүүгө болору белгисиз», жана алар – «абдан бейтынч, өзүнчөлүктүү калк» же «ашкере индивидуалисттер» деп түшүндүрүшөт. Көбүнчө чыгармачыл балдарды «кааланбаган», «ыңгайсыз» жана «жакпаган» окуучулар катары кабыл алышат. Демек педагогдун мындай мамилеси башка балдардын да креативдерге мамилесине, акыр-аягы адамдын ар кандай чыгармачыл көрүнүштөрүнө берилет.

Ошондуктан педагог, баарыдан мурда, балдарга өз чыгармачыл идеяларын айтууга, ошондой эле өз табылгаларын же жаңы чечилиштерин көрсөтүүгө жол берүүгө; баланын кызыкчаалдыгын, суроолорун сыйлоого, баланы көңүл коюп угууга, бул үчүн убакыт табууга, бардык суроолорго, керек болсо алар жапайы көрүнсө да, жооп берүүгө тийиш. Башталгыч класстардын ар бир окуучусунан чыгармачыл дараметти, өзүнчөлүктүү индивидуалдуу креативдүүлүктү көрүү жана аны өнүктүрүүгө умтулуу, ошондой эле окуучуга өзүн түшүнүүгө, ал эми ата-энелерге – өзүнүн чыгармачыл балдарын түшүнүүгө жардамдашуу зарыл. Ошентип, бир жагынан, биз окуучунун өзүнүн макамын өзгөртөбүз, ал эми башка жагынан – чыгармачыл ой жүгүртүүнүн беделин көтөрөбүз, бул өз инсанынын чыгармачыл белгилеринин баалуулугун аңдоого апкелет.

Креативдүүлүктү өнүктүрүүнүн маанилүү шарты балага психологиялык эркиндик: тандоо эркиндигин, өз сезимдери менен толгонууларын билдирүү эркиндигин, өзү чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн берүү болуп саналат. Мындай эркиндик кыялдануунун жана фантазиянын, «учкул ойдун» жана өз алдынчалыктын, коюлган максаттарга жетүүдөгү өжөрлүктүн ж.б.у.с. өнүгүүсүнө көмөктөшөт. Биздин ички эркиндигибиз менен чыгармачылыктуулугубузду чектөө жөнүндө Натали Роджерс эмне деп айтканын карайлычы: «Менде биздин жашообуздун кайсы бир этабында, кээде абдан эрте, биздин чыгармачылыктуулук ата-энелер, мугалимдер, туугандар, достор тарабынан басылып салынат, мында алардын ар бири… биздеги чыгармачыл жаратуу кубанычын биз жасаганды аёосуз сындоо менен өлтүрүшөт… Биз бала чакта, бизди баарын мугалим каалагандай гана туура жасоого үйрөтүшкөн…, биз бийлөөгө же пианинодо ойноого аракеттенсек да, бизди дайыма баалашкан. Дайыма бизди «Сен туура жасап жатасың – сен туура эмес жасап жатасың» деп айткан катаал сынчы жылоолоп турган… биздин чыгармачылыктуулукка чектөөлөр жасалганда, биз ооруп калабыз, чыңалган болуп калабыз, макоолонобуз…». Көрүнүп тургандай, күнүмдүк турмушта индивидуумдагы креативдүү касиеттерди басуу болуп өтөт. Чыгармачыл дарамет үй-бүлө менен коомдун күмөнсүз таасири астында турат да, курчап турган чөйрө жол бергенде гана актуалдашат. Ошондуктан окуучуларга салыштырмалуу өз алдынчалыкты жана эркиндикти берүү, жагымдуу жумушчу климат түзүү, катаал талаптар менен регламенттин жоктугу, чечимдерди тандоодо жана кабыл алууда көз карандысыздыкты камсыздоо креативдүүлүктүн көрүнүшү үчүн мүмкүнчүлүктөр түзөт.

Башталгыч мектеп окуучуларынын креативдүүлүгүн өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү башка бир олуттуу шарт – бул окуучуларда өзүн баалоону чыңдоо жана жогорулатуу.

Педагог өз окуучуларында жетишердик жогору өзүн баалоону калыптандырууга көмөктөшүүгө тийиш, ал алардын ишмердүүлүгүнө түрткү берет. Ошондуктан окуучулардын чыгармачылык жетишкендиктерин баалоодо мугалимге аларды жалпы кабыл алынган стандарттардын көз карашынан карап койбой, ар биринин индивидуалдуу натыйжаларын эске алуу маанилүү. Ошентип, мектептеги демократиялык кырдаал, баалоочулуктун жоктугу, ишмердүүлүктүн чыгармачыл мүнөзү, стресстердин жоктугу, бири бирин кабыл алуу жана колдоо, өз ара ишенүү жана диалог башталгыч мектептин окуучуларынын чыгармачыл активдүүлүгүнүн эркин көрүнүүсүн камсыздашат.

Маанилүү шарт креативдүүлүктү айкындоого жана өнүктүрүүгө жол берүүчү усулдарды, ыкмаларды жана ыктарды издөө, түзүү жана үйрөтүү болуп саналат.

Салттар, орнотмолор, окутууда тажрыйбаны жана билимдерди кайра түзүү балдардын креативдүүлүгүнө же түрткү бере, же баса алат. Изилдөөчүлөр балдардын чыгармачыл өнүгүүсү бала мектепте окутуу процессинде тапшырмалардын кайсы типтери менен кездеше турганына жараша болот деп эсептешет. Алсак, окуучулар дайыма «жабык типтеги», б.а. бир гана туура чечилиши бар тапшырмалар менен кездешишкенде ой жүгүртүүнүн чыгармачыл эмес стилинин калыптануусу жүрөт. Башка типтеги – «ачык» – тапшырмалар көйгөйлөрдү чечүүнүн ар кандай варианттарын жана чечүү ыгын тандоодогу толук өз алдынчалыкты болжошот. Натыйжада креативдүү ой жүгүртүүнүн белгилүү жана стандарттуу жоопгордон кетүү көндүмү, оригиналдуулук жана өз алдынчалык, фантазиялоо өңдүү маанилүү белгилери өнүгүшөт. Мугалимдин чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн зарыл шарты катары көйгөйлүү тапшырмалар менен кырдаалдарды түзүүгө, мектеп практикасында колдонууга жана окуучулардын чечүүсүнө орус психологдору менен педагогдору А.М.Матюшкин, И.Я.Лернер ж.б. чоң көңүл бурушкан. Алар көйгөйдү көрүү, анын чечилиштерин өз алдынча издөө, буга байланыштуу интеллектуалдык жана эмоционалдык оорчулуктарды жеңүү, жаңы билимдерди ачуу чыгармачылык изденүүнү талап кылышат, акыл-эстик өнүгүүдө алга жылууга, таанымдык кызыгууларды калыптандырууга көмөктөшүшөт, чыгармачылыктын жол-жоболорун үйрөтүшөт деп эсептешет.

Психологияда адамдын чыгармачыл ой жүгүртүүсүнүн ал же бул компоненттерин өнүктүрүүнүн көп сандаган усулдары, ыкмалары менен ыктары, оюндар жана психотехникалар топтолгон, аларды кенже мектеп окуучуларынын креативдүүлүгүн өнүктүрүүнүн атайын программалары менен тренингдерине киргизүүгө, каалаган предмет боюнча сабактарда колдонууга болот.

Инсандын креативдүү өнүгүүсүнүн төмөнкү критерийлерин ажыратууга болот:

1. Мотивациялык компонент – ишмердүүлүктүн багытталгандыгы, ал өзүнө кызыкчылыктар спектрин, өзүн өнүктүрүү мотивациясын, окуу ишмердүүлүгүндөгү чыгармачылык турумду камтыйт.

2. Эмоционалдык-креативдүү компонент. Бул компонент окуу ишмердүүлүгүндө бирге аракеттешүү процессине эмоционалдуу-баалоочу мамилени болжогон. Баланын окутуу процессиндеги эмоционалдык турумун, ошондой эле кенже окуучулардын эмпатиясы менен экспрессивдүү эмоционалдуулугун эске алууга жол берген.

3. Интеллектуалдык компонент колдо бар билимдерди өзгөртүп түзүү жаатындагы билимдер менен билгичтиктерди, ой жүгүртүүнүн дивергенттүүлүк көндүмдөрүн (оргиналдуулук, ылдамдык, ийкемдик), ошондой эле прогноздоого жөндөмдүүлүктьөрдү өнүктүрүүнү камтыган.

4. Коммуникациялык компонент – өз ара мамилелер системасын куруу билгичтиги, мында биргелешкен чыгармачылык – кызыктуу процесс, анда ар биринин пикири баалуулук болот. Сабакта стандартсыз кептик кырдаалдарды түзүүнүн эсебинен вербалдык коммуникациялуулукту өнүктүрүү.

Мотивациялык компонент сабактарда ийгилик кырдаалын түзүүнү, таанымдык мотивдерди таанымдык ишмердүүлүккө туруктуу кызыгууга өткөрүү боюнча иш чараларды камтыйт. Бул компонент окуучулардын чыгармачыл тапшырмаларды чечүү,

б.а. окуу чыгармачылыгы менен байланышкан коммуникациялык процесстерге активдүү катышуусун болжойт.

Эмоционалдык компонентти колдонуу тааным процессинде жана балдардын түздөн-түз окуу чыгармачылыгында окуу ишмердүүлүгүндөгү баланын эмоционалдык турумун эске алууга жол берет, анткени сезимдер менен эмоциялардын базасында баланын башталгыч мектепте окутуу процессине бүткүл мамилелери системасы түптөлөт. Бул окуу чыгармачылыгы кырдаалына эмоционалдык реакциялардын жаралуусуна көмөктөштү. Кенже мектеп окуучуларынын чыгармачыл ишмердүүлүк процессинде эмоционалдык тезаурусту топтоосу, экспрессивдүү эмоционалдуулукту жана эмоционалдык лабилдүүлүктү калыптандыруусу жүрөт.

Креативдүүлүктүн интеллектуалдык параметрлери – креативдүүлүктүн түзүлүшүндөгү негизгилер. Креативдүүлүк көйгөйүнүн өзү да интеллекти жана чыгармачыл ой жүгүртүүнү иликтөө процессинде жаралганы кокустан эмес (Дж.Гилфорд Креативдүүлүктүн көрүнүштөрүнүн маанилүү бөлүгүн ой жүгүртүүнүн ийкемдиги, ылдамдыгы, тактыгы, оригиналдуулугу менен салттуу байланыштырышат. Муну менен бирге, бул көрсөткүчтөр, чыгармачылык процессинин ар кыл кырларын (ийкемдигин, ылдамдыгын) жана натыйжасын (оригиналдуулугун, иштелгендигин) каттап-чоттоп, интеллектуалдык-чыгармачылык ишмердүүлүктүн базалык мүнөздөмөлөрүн толук өлчөмдө чагылтышпайт. Коммуникациялык компоненттин кошулуусу окуучулардын чыгармачыл ишмердүүлүктө кызматташтыкка жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө, ошондой эле башкалардын чыгармачылыгын мотивдештирүүгө жол берди.

Чыгармачылык тапшырмалар системасын ишке ашыруу боюнча педагогдун ишмердүүлүгүн төрт багытка бөлүүгө болот, алардын ар бири окуучулардын креативдүү жөндөмдүүлүктөрүн чыгармачыл тапшырмалар системасынын белгиленген татаалдык деңгээлдерине ылайык өнүктүрүүдө алга жылууну камсыздаган.

Биринчи багыт – объекттерди, кырдаалдарды, кубулуштарды таанууга багытталган чыгармачыл тапшырмалар системасын ишке ашыруу объекттерди, кырдаалдарды, кубулуштарды ажыратылган белгилеринин (түсү, формасы, өлчөмү, материалы, арналышы, убактысы, орун алуусу, бөлүк-бүтүн) негизинде иликтөө аркылуу турмуш чындыгын таануунун чыгармачыл тажрыйбасын топтоого; аларды алардын өнүгүүсүн шарттоочу карама-каршылыктарда кароого; кубулуштарды алардын өзгөчөлүктөрүн, системалык байланыштарын, сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрүн, системалардын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн эске алуу менен моделдөөгө көмөктөштү.

Экинчи багыт – жаңы объекттерди, кырдаалдарды, кубулуштарды түзүүгө багытталган чыгармачыл тапшырмалар системасын ишке ашыруу, чыгармачыл ишмердүүлүктүн субъектинин сапаттык жаңы идеясын алуунун негизинде оригиналдуу чыгармачылык өнүмдөрдү түзүү билгичтигин; чыгармачыл тапшырманы аткарууда системанын өнүгүүсүнүн идеалдуу түпкү натыйжасына багыт алууну; мурдатан бар объекттер менен кубулуштарды диалектикалык логиканын элементтеринин жардамы менен кайра ачууну камсыздады.

Үчүнчү багыт – объекттерди, кырдаалдарды, кубулуштарды өзгөртүп түзүүгө багытталган чыгармачыл тапшырмалар системасын ишке ашыруу, системалардын тышкы көрүнүшүн (формасын, түсүн, материалын, бөлүктөрүнүн орун алуусун ж.б.) фантастикалык (реалдуу) өзгөртүүлөрдү жүзөгө ашырууда чыгармачыл тажрыйбага ээ болууга; системалардын ички курулушун өзгөртүүгө; объекттердин, кырдаалдардын, кубулуштардын касиеттери, ресурстары, диалектикалык табияты системасын кароодо эсепке алууга көмөктөштү.

Төртүнчү багыт – объекттерди, кырдаалдарды, кубулуштарды жаңы сапатта колдонууга багытталган чыгармачыл тапшырмалар системасын ишке ашыруу, окуучулардын мурдатан бар объекттерди, кырдаалдарды, кубулуштарды колдонууга карата чыгармачыл мамиле тажрыйбасын топтоосун камсыздады. Берилген топтун тапшырмаларын аткаруу окуучуларга объекттерди, кырдаалдарды, кубулуштарды ар кыл

көрүү чекитинен кароого; реалдуу жашап турган системаларга фантастикалык колдонулуш табууга; функцияларды колдонуунун ар кыл аймактарына көчүрүүнү жүзөгө ашырууга; системалардын терс сапаттарын колдонуу, универсализациялоо, системалык майнаптарды алуу жолу менен оң майнап алууга жол берди.

Корутундуда кенже мектеп окуучуларынын креативдүүлүгүн өнүктүргөн мугалим, окуучулардын чыгармачыл дараметин ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды түзүүнүн татаал, кээде узак процессин баштан өткөрөт, алардын ичинен төмөнкүлөр эң чоң мааниге ээ болушат деп белгилейбиз:

1) баланы ал эмнени кантип жасаганынан көз карандысыз инсан катары кабыл алуу, аны күмөнсүз сыйлоо жана ал кандай болсо ошондой кабыл алуу;

2) кенже мектеп окуучусунун чыгармачыл активдүүлүгүнүн бардык көрүнүштөрүнө (окуу жана мектептен тышкаркы ишмердүүлүктө) көңүл коюп жана кылдат мамиле кылуу;

3) балага психологиялык эркиндик: тандоо эркиндигин, өз сезимдери менен толгонууларын билдирүү эркиндигин, өзү чечим каблы алуу мүмкүнчүлүгүн берүү;

4) окуучулардын өзүн баалоосун жогорулатуу жана чыңдоо;

5) окутуу системасын уюштуруу же креативдүү билим берүү-тарбиялоо чөйрөсүн түзүү.

**Адабияттар тизмеси**


1. Брушлинский, А.В. Мышление и прогнозирование [Текст] / А.В. Брушлинский. М., 1979. – 230 с. – ISBN 5-914-64872-5
2. Брушлинский, А.В. Проблема развития в психологии и психология мышления / Принцип развития в психологии [Текст] / А.В.Брушлинский. – М., 1978. – 154 с. – ISBN 5-124-167845-5
3. Гилфорд, Дж. Три стороны интеллекта [Текст] / Дж. Гилфорд // Психология мышления. / Под ред. А.М.Матюшкина. – М., 1965. – С.124-145.
4. Гильбух, Ю.З. Внимание: одарённые дети [Текст] / Ю.З. Гильбух. – М., 1991. – 80 с. - ISBN 5-07-002079-7.
5. Гильбух, Ю.З. Феномен умственной одаренности [Текст] / Ю.З. Гильбух, О.Н.Гарнец, С.Л.Коробко // Вопросы психологии. – 1990. - №4. – С.74-80.
6. Дорфман, Л.Я. Основные направления исследований креативности в науке и искусстве [Текст] / Л.Я.Дофман, Г.В.Ковалева // Вопросы психологии. 1999. №2. – С.54-56.
7. Дружинин, В.Н. Психология общих способностей [Текст] / В.Н.Дружинин. – М.: Изд. Центр «Академия», 1996. – 368 с. - ISBN 5-314-00121-7
8. Лернер, И.Я. Развитие мышления учащихся в процессе обучения истории. Пособие для учителей [Текст] /И.Я.Лернер. — М.: Просвещение, 1982. – 134 с. – ISBN 7-54216-957-2
9. Матюшкин, А.М. Мышление, обучение, творчество [Текст] / А.М.Матюшкин. М.: Издательство МПСИ; Воронеж: НПО «МОДЭК», 2003. 184 с. – ISBN 5-134625-8
10. Терехова, Г.В. Развитие креативных способностей младших школьников в учебном процессе: Метод. рекомендации по курсу "Уроки творчества" для учителей нач. кл. [Текст] / Г.В.Терехова. - Челябинск: Издво Челяб. гос. унта, 2002. – 201 с. – ISBN 5-123745-6